БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА
ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Т. КУЛАТОВ АТЫНДАГЫ
КЫЗЫЛ-КЫЯ ТОО-ТЕХНИКАЛЫК
ИННОВАЦИЯ ЖАНА ЭКОНОМИКА
КОЛЛЕДЖИ-МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКОЙ
РЕСПУБЛИКИ

КЫЗЫЛКИЙСКИЙ
ГОРНОТЕХНИЧЕСКИЙ КОЛЛЕДЖ
инновации и экономики имени
Т. КУЛАТОВА

Кызыл-кыя шаары Школьная көчөсү 27 Телефондор (03657) 5-01-44, 5-01-90, 5-41-54, факс (03657) 5-01-44
Город Кызыл-кия ул. Школьная 27 Телефоны (03657) 5-01-44, 5-01-90, 5-41-54, факс (03657) 5-01-44

2020-жылдын Приказ № 99 от 3.12 2020г

№ 99 Буйрук

«Коррупциянын алдын алуу жөнүндө»
**«О создании комиссии по предупреждении коррупции»**

**Кызыл-Кыя тоо-техникалык колледжинде инновация жана экономика коррупциянын алдын алуу боюнча комиссиясынын түзүмүнө төмөнкүлөр киргизилсин.**

**Создать комиссию по предупреждению коррупции в горнотехническом колледже инновации и экономики им Т.Кулатова в следующем составе:**

Комиссиянын мүчөлөрү

1. **Джураева Айнура Зулпукаровна МТ боюнча диектордун орун басары жана мүдүрдүн тарбия иштери боюнча орун басары (заместитель директора по Гос .яз. и ВР)**

**Члены комиссии:**

2. **Алтынбек уулу Нургазы- ЖТИ циклынын окутуучусу(преподаватель цикла «ОТН»)**
3. **Шакирова Райхан Абытовна Технологиясы циклынын окутуучусу(преподаватель цикла «Технология»)**

Нигизи: Джураева А билдирүүсү аркылуу.
Основание: рапорт Джураевой А.З зам.дир Гос.яз. и В.Р.

**М.А.Колледждин директору:**
**И.О. Директора ККГТК** К.О.Ураимов

# Студенттердин негизги милдеттери

• Окуу программасында жана пландарында каралган бардык сабактарга катышууга жана берилген бардык тапшырмаларды көрсөтүлгөн мөөнөттө аткарууга;
• Тандалган адистик боюнча ийгиликтүү иштеп кетүү үчүн теориялык жана практикалык билимдерди, заманбап технологияларды терең өздөштүрүүгө;
• Тиешелүү окуу планы жана программасы боюнча каралган бардык тапшырмаларды көрсөтүлгөн мөөнөттө аткарууга;
• Колледждин уставына ылайык бекитилген окуу пландарында көрсөтүлгөн мөөнөттө кышкы жана жайкы сессияларын тапшырууга («AVN» информациялык системасы боюнча) жана билимдерди жыйынтыктоочу аттестациялардан өтүүгө;
• Окуу процессинин календарлык мөөнөттөрүн бузбоого, сынак (экзамен) жана зачетторду жадыбалда (расписаниеде) көрсөтүлгөн мөөнөттүн ичинде тапшырып бүтүүгө;
• Коомдук жүрүм – турумдун жалпы эрежелерин сактоого жана колледждин кызматкерлерине жана жолдошторуна урмат менен мамиле кылууга;
• Жалпы маданиятыңды, адептүүлүк сапаттарыңды көрсөтүүгө умтулууга жана ден соолугунду чындап өнүктүрүүгө;
• Окуу – тарбия иштерине жана турмуштагы жетишпестиктерге сын көз караште болуп, аларга каршы турууда турмуштук активдүү позицияны ээлөөгө:
• ККТТКнын окуу жана башка имараттарына, эмеректерине, окуу жана лабораториялык куралдарына, китептерине аяр мамиле жасоого. Атайын уруксатсыз ККТТКнын имараттынан, лабораторияларынан, жатаканаларынан, аудиторияларынан эмеректерди жана окуу каражаттарын сыртка алып чыкпоого:
• ККТТКга кетирген материалдык чыгымдары КР тиешелүү мыйзамдарынын чегинде материалдык жоопкерчиликке тартууга;
• Эмгекти коргоо жана техникалык, өрт коопсуздуктарын сактоого:
• Жатаканада жашоо тартиптерин бузбоого, ККТТКнын уставдык жана ушул жазылган эрежелерди сактоого.

Эгерде ооруп калсаң окуу бөлүмүнө атайын үлгүдөгү медициналык аныктама баракча (справка) беришиң керек, анткени жүйөөсүз себептер менен бир окуу семестринин ичинде 60 сааттан ашык сабакка келбегендер окуудан чыгарылат. Сабакка жүйөөлүү себептер менен катышпай калган учурда, окуу жайына келген биринчи күндө эле окуу бөлүмүнө сабакка келбей калган себептерин айгинелеп көрсөтүүгө;

Окуу аудиториясында окутуучулар же КОЖ жетекчилери киргенде, ордунан туруп урмат көрсөтүүгө:

ККТТКда окуган студент коомдук жайларда, күнүмдүк турмушунда студент атын барктуу алып жүрүү үчүн сырткы келбетине көз салып, өзүн тартиптүү жана адептүү алып жүрүүгө тийиш.

# Студенттердин негизги укуктары

*ККТТКнын студенттеринин жана угуучуларынын укуктары:*

• Мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык, окуу жайларында жекече окуу планы боюнча жана тездетилген курстарда окуп билим алууга;

• ККТТКнын китепканалык – маалыматтык ресурстарын акысыз колдонууга, ошондой эле кошумча билим берүү кызматтарын (төлөмдүү болсо да) пайдаланууга;

• «AVN» маалыматтык системасынын сайтынан алган бааларды, төлөгөн контракттык төлөмдөрүңөрдү жана башка кызыккан маалыматтарыңарды алууга;

• ККТТКнын Уставынын чегинде колледждин башкаруу процессине катышууга;

• Кафедралар тарабынан сунуш кылынган тандоо, курстарды өз алдынча тандоого жана милдеттүү болбосо ага катышпай коюуга;

• Тандаган багытынан сырткары колледждин уставында каралып окутулуучу бардык предметтерди өздөштүрүүгө жана башка орто окуу жайларында окутулган сабактарга катышууга (ошол окуу жайдын жетекчилигинин макулдугу менен);

• Жетишээрлик деңгээлде сабак окутбай, окуу жадыбалынын (расписаниесин) жана башка окуу – тарбиялык процесстин эрежелерин бузган окуутучуларды алмаштыруу же тийешелүү чараларды көрүү маселесин көтөрүүгө жана жетекчиликке билдирип талап коюуга;

• ККТТКнын же анын кайсы бир структуралык бөлүмдөрүнүн ишмердигинин маанилүү маселелерин талкуулоого катышууга, керек болсо бул маселелерди чечүү үчүн коомдук уюмдарды жана мамлекеттик органдарды пайдаланууга ;

• ККТТКнын Уставында көрсөтүлгөн окутуу, дарылоо, илимий мекемелеринин кызматтарын бекер алууга;

• КОЖдо окуган студенттер КРнын мыйзамдарында каралган социалдык камсыздандыруу укуктарын пайдаланууга;

• Ар кандай илимий – изилдөө иштеринде, конференцияларга, симпозиумдарга катышууга;

Окууну кесиптик ишине байланышкан ишмердүүлүк же башка жумуш менен экинчи ишмердүүлүктүн чегинде айкалыштырып кетүүгө;

ККТТнын өз Уставынын чегинде негизги билим берүү программаларын өздөштүрүүгө арналган окуу жүктөмдөрдү, сабактарды окутуу тартиптери, программалары мамлекеттик стандартка жараша билим берүү органдары тарабынан бекитилген нормалардын чегинде гана жүргүзүлөт.

ККТТКнын студенттерин мажбурлап коомдук, коомдук – саясий уюмдарга , партияларга, кыймылдарга киргизүүгө жана аларды үгүттөгөн акцияларга катышууга жол берилбейт.

ККТТКда окуган студенттер окуу планында каралбаган иш -чараларга эркин катыша алат .

ККТТКда окуган студент өз каалоосу боюнча башка окуу жайлардын тиешелүү адистиктерине которулууга укуктуу. Бул учурда ошол окуу жайдын жетекчилигинин макулдугу керек.

«Аскердик кызмат жана аскердик милдет жөнүндөгү» КРнын мыйзамдарына ылайык ККТТКнын студенттери окуу мөөнөтүнүн ичинде аскер кызматынан бошотулат.